
Бишкек шаарынын №14 орто мектеби

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын усулдук бирикмеси

# Усулдук бирикменин бир жылдык ОТЧЕТУ



Бишкек шаарынын №14 орто мектеби

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын усулдук бирикмеси


# Мамлекеттик кыргыз тил кафедрасынын жарым жылдык отчету

**Бишкек**

**2022-2023-окуу жылы**

2022-2023-жылынын биринчи жарымында Бишкек шаарындагы №14 орто мектебинин кыргыз тили кафедрасы көптөгөн коомдук иш-чараларды, конкурстарды өткөрүү менен бирге билим жаатына да өзгөчө көңүл бурулуп жатты.

Айтып өткөн иш-чараларга токтоло турган болсок, Бишкек шаары боюнча Мамлекеттик тилди жайылтуу максатында 15-сентябрда “Мыкты кыргыз тили кабинети” конкурсуна көрсөтүлүп, ага мектептин атынан башталгыч кыргыз класстарынын мугалими Тажимырзаева Ж.А. катышып 2-орунга ээ болду.




2-орун үчүн сыналгы белекке берилди.



Сынакка катышууга мамлекеттик тил кафедрасынын мугалимдери жардам беришти.



23-сентябрь “Мамлекеттик тилдин кабыл алынган күнүнө” карата мектеп алдында линейка өткөрүлүп, ата-энелер дагы катышты. Ал эми кыргыз тили кафедрасынын мугалимдери атайын кыргыз кийим кийишти жана фоеде кыргыз буюмдарынын  көрсөтмөсү коюлду.







Мектепте “Улуттук нарк” боюнча фоеде кыргыздын баалуулуктарын тааныштыруу максатында иш-чара болуп өттү.



Сентябрь айында кыргыз тилин өнүктүрүү максатында жалпы мектептин мугалимдери жат жазуу жазышты.

Октябрь айында Жаңыбай Кожек уулунун 150 жылдыгына карата мектептин фоесине такта жасалды, тарбиялык саатты 5-к класска Карыбекова Б.М. класстык саат өттү.

Ноябрь айында белгилүү илимпоз, агартуучу Ишеналы Арабаевге 140 жыл аттуу такта жасалды. 3-4 -класстар жат жазуу жазышты, 5- класстар эссе ал эми 6-7-класстар дил баян жазышты. Слайддар жасалып окуучуларга көргөзүлдү.





4-декабрь Манас күнүнө карата “Жаш манасчы-2023” кароо сынагы өткөрүлүп, жеңүүчүлөргө мактоо баракчалары берилди. Октябрь районунун мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча билим берүү уюмунун жетекчиси Турдакунова А.Т. катышты.





9-декабрь №14 орто мектебинде аял затынын гендердик укугун коргоо боюнча “Коркпо, токто, жаша!” аттуу жогорку деңгээлде иш-чара болуп өттү. Иш-чарага Октябрь районунун акими, шаарыбыздын вице-мэри ж.б коноктор келип катышты. 6-7-кыргыз класстарынын окуучулары “Биринчи мугалим”

чыгармасынан Алтынайдын кордук көргөн образын мыкты аткарып жана чагылдырып беришти.





12-декабрь айында Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата Ч.Айтматовдун 94 жылдык маарекесине карата кыргыз тилчи мугалимдер Карыбекова Б.М. жана Исаканов К.А. окуучулары менен бирге иш-чара өткөрүштү.

